УДК 821.512.154

Жекшенбек кызы Ж.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ ЭСКЕРҮҮ- АВТОБИОГРАФИЯЛЫК ЧЫГАРМАЛАР

*Макалада эскерүү-автобиографиялык чыгармалар жана анын ичинен кыргыз адабиятындагы алгачкыларынан болгон М. Элебаевдин «Узак жол» романы тууралуу сөз болот.*

Мемуардык–автобиографиялык проза кыргыз адабиятында калыптанып калган жанрлардан болуп саналат. М.Элебаевдин «Узак жолунан» тартып, К.Маликовдун «Замандаштарым жана каламдаштарым», А.Токомбаевдин «Автобиографиялык фрагменттери», «Алыкулга гүлдесте» эскерүү жыйнагы, Ч.Айматовдун «Манас атанын

ак кар, көк музу» эскерүүсү К.Маликовдун, Т.Үмөталиевдин «Ала-Тоо» журналына жарыяланган эскерүүлөрү, Т.Сыдыкбековдун «Жол», «Бел-белес» эскерме-эссе автобиографиялык романы, эскерүүлөрү, З.Бектеновдун «Замандаштарым жөнүндө эскерүүсү», Ш.Бейшеналиевдин эскерүүлөрү сыяктуу жана башка мемуардык-автобиографиялык жанрга кирген бир топ чыгармалар бүгүнкү күнгө чейин жарык көрдү. Албетте, булардын эскерме-макала түрүндө жазылгандары өзүнчө каралыш керек. Ар биринин ички биримдиги да, айырмачылыктары бар. Бирок кыргыз адабият таануусунда ушул кезге чейин бул маселе бузулбаган «дың» бойдон калууда. Жанрдын пайда болуш шарттары, калыптануусу, өнүгүш тенденциялары, ички өзгөчөлүктөрү деген сыяктуу маселелер дагы эле болсо кол тийбестен калууда. Ал эми автобиографиялык чыгармалар, эскермелер орус, ал тургай тектеш казак, өзбек адабият таануусунда жеткире изилдегендигин эле көрүүгө болот.

Эскерүүлөрдүн көркөм адабияттан айырмачылыгы турмуштун өзүндөй болбосо да, бир кезде болгон окуяны, тиричилик көрүнүштөрүн ишенимдүү, жеткиликтүү бергендиги менен айырмаланат. Эскерүүдө окуянын аныгына жетүү, аны турмушта чын эле болуп өткөндүгүнө ишендирүүнүн бир жолу өз көзү менен көргөн күбө катары өтөт. Бул сапат адабият таанууда «автодокументалистика» деп аталат да, эскерүүдө баяндалган окуялар автордун башынан өткөргөн, тикеден-тике катыш жасаган, кайсы бир даражада өз тагдыры, эртеңки өмүр жолу чечилишине себепчи болгон окуялар катары кабыл алынат. Атайылап баса белгилей кетчү бир жагдай: эскерүүлөрдө автор сөзсүз түрдө чындыгында көргөн, билгени кандай болсо, ошонун баарын эч жерин бузбай активдүү карайт деп тыянак чыгарбоо керек. Мында автор өзү каалаган гана материалдарды тандап алат, өзү каалаган ресурстан сүрөттөйт, өзү каалагандай мүнөздөмө берет, бирок бул өзүнчө мааниге ээ эмес. Себеби чыгарманын негизги максаты эскерүү аркылуу эскерилип жаткан адамга байланыштуу окуяларды, түрдүү кырдаалдарды сүрөттөө болуп саналат. Мындай эскерүүдө автор белгилүү инсан менен болгон жолугушуунун эч бир деталын калтырбай так, таамай эске түшүрүүгө, анын айткан сөздөрүн, ойлорун, пикирлерин бузбай өзүндөй кылып таамай айтып берүүгө умтулат. Мындай эскерүүдө автор «көлөкөдө» калат. Сүрөттөлүп жаткан адам жөнүндө концепция жаратуу, окуяны интерпретациялоо, талдоо анын негизги милдетине да кирбейт. Ошондуктан андан баарын талап эте бериш ашыкча. Автор өзүнө гана керектүү учурларга көңүл буруп, ошолорду кагазга түшүрүп калууга аракет жасайт. Өзүнүн көздөгөн мүдөөсү, аткарчу милдети кайсы экендигине байланат.

М.Элебаев ошол кездеги өзү күбө болгон түрдүү шарт, түрдүү маданий көрүнүштөрдү кошо эскеререт.

Совет бийлиги тоолуу жергебизде жаңы орноп, көчмөн эл жаңыдан отурукташып, элдин сабатын ачуу боюнча уюштуруу иштеринин жүргүзүлүшү жөнүндө кызыктуу окуяларды эскерет. Бул тарыхый мезгил, кыргыз элинин тагдырындагы чоң бурулуш болгон Улуу октябрь революциясынан кийинки 20-жылдардагы окуялар, негизинен, көркөм адабиятта чагылдырылып, көркөм образдар катары киргизилген каармандар аркылуу тарыхый окуялардын катышычуусу катары «Көшөгөнүн артындагы» окуялар менен көрүнүштөрдү эскерип, ошол мезгил жөнүндө кызыктуу, керектүү маалыматтарды берген. 1916-жылдан тартып, революция алдында өткөн күндөр, революциядан кийинки күндөр коллективдештирүү мезгили, согуштун алдындагы жылдарды аңгеме, повесттеринде терең чагылдырып, жаңы доордун идеяларын ырларында жаркын образдар аркылуу жеткирген. М.Элебаев жазуучулук маданиятка

эрте жетишкен талант болгонун бүгүн адабият тарыхы да, эч кимге баш ийбеген мезгил сыны да көрсөтүп жатат. Ошол үчүн «Узак жол», «Бороондуу күнү», «Бир болгон окуя», «Кыйын кезең» аттуу чыгармалары бүгүн да окулууда. Өзү кыргыз көркөм сөз өнөрүндө чыныгы туңгуч реалист жазуучу катары аталып калды. Адабиятта мындай орунга ээ болуш 20-30-жылдарда калем кармап чыккандардын бардыгынын эле шыбагысына туш келген жок. Кыргыз адабиятындагы автобиографиялык романдар Совет адабиятындагы тарыхый жанрдын өзүнчө бир чыгармачылык категория катары өркүндөп кетиши мурдагы прогрессивдүү адабий традициялар да көмөктөш болушту.

Чындыкты чыгармаларында көркөм таасирдүү чагылдырып, турмуштун нагыз өзүн туура элестетип берүүсүндө советтик жазуучулар мурдагы классиктердин тажрыйбаларын өздөштүргөн. Айрыкча, орус адабиятынын классиктери А.С.Пушкиндин, Л.Н.Толстойдун жана М.Горькийдин тарыхый чындыкты күнү бүгүнкүдөй чагылдырып берүүсүндөгү чеберчиликтери советтик жазуучулардын кимисине болсо дагы көргөзүп, көп улуттуу совет адабиятындагы тарыхый чыгармалардын жаралуу этаптарында ар бир автор ушул классиктерден практикалык жардам алышкан.

М.Элебаевдин «Узак жол» романы эн алгачкы автобиографиялык чыгарма катарында коомчулугубузга кенири белгилуу. Кыргыз совет адабиятындагы бул жаны көркөм жанрдын пайда болушунда орус жазуучулардын ичинен айрыкча М.Горькийдин автобиографиялык чыгармаларынын таалим-таасири тийгендиги адабий чөйрөдө бир ооздон айтылууда. Буга күмөн санап, каршы чыгууга эч жүйө жок. Адабиятыбызга романдын традициясы, анан калса, автобиографиялык чыгармачылыктын нагыз үлгүсү түшө элек кезинде М.Элебаевдин алдыңкы классикалык жазуучулардын ичинен өзгөчө М.Горькийден сабак алышы закон ченемдүү көрүнүш болуучу. Ошондой болсо да «Узак жол» тек гана автобиографиялык роман болуп кала береби же жогоруда эскерилгендей, тарыхый чыгарма болуп эсептелинер негизи да барбы?

«Узак жолдун» сюжеттик өзөгү, чынында, М.Элебаевдин өзүнүн башынан өткөн турмуш жолуна көрүнгөндүн колунда жүргөн кезегиндеги өмүр баянына байланыштуу түзүлгөн. Анан өзүнчө бир ырааттуулукту сактаган композициялык курулушта болочок жазуучунун балалык бакыттын ажырап, көкөй кескен жакырчылыктын азабын кенедейинен таткан күндөрү көз алдыга чубурап келет. Жыйынтыктуу мазмунду берип турган ошол сюжеттик өзөк менен компзициялык ырааттуулуктун айкалышында бирөөнө өмүр, бирөөнө өлүм берген турмуштун сырдуу түйүндөрү чечилип, автордун үнүн образы да жана анын үй-бүлөөсүнүн тагдыры да толук берилип, толук көрсөтүлөт. Эн негизгиси, ошол жыйынтыктуу мазмунду берип туруучу сюжеттик түз сызыкта жана андан улам бутактанып тараган окуяларда кадимки тарыхый чындыктар, чыны болгон тарыхый адамдар орун алат. Мына ушул факторлор анын чыныгы жазуучу болуп чыгышын шарттаган.

Адабияттар:

1. Муратов А. Адабият теориясы. – Бишкек, 2007.
2. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы, 1-том. - Фрунзе, 1987.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы, 6-том. – Бишкек, 2002.

4. Түлөкабылов М. Кыргыз адабиятындагы тарыхый жана өмүр баян романдары. - Фрунзе, 1978.
5. Элебаев М. Узак жол. - Фрунзе, 1984.